Oş Devlet Ünıversitesi
İlahiyat Fakültesi İlmi Dergisi
16-17. sayı 2012

Ош мамлекеттик университети
Теология факультетинин илимий журналы
16-17-саны 2012

# БҮГҮНКҮ КҮНДӨ ИСЛАМ ДҮЙНӨСҮНДӨГҮ АЯЛЗАТЫНЫН ОРДУ (МУСА ЖАРУЛЛАХТЫН МИСАЛЫНДА)[1]

**Кылыч Ысманов**

## Киришүү

Чыгыштаануучулардын өткөн кылымдын аяктарында Исламга байланыштуу изилдөөлөрүнүн жанында интернет баракчаларында Исламга карата айткан сын-пикирлеринин башында «инсан укуктары менен бирге аял укуктары» тууралуу маселелерди көрүүгө болот. Аялдар тууралуу Батыш илимпоздору эмгектерди жазган. Бир учурда Ислам аалымдары да ушул маселеге байланыштуу макала жана китептерди жазып калтырышкан. Алардын бири Муса Жаруллах, бир канча эмгектеринде аялдар тууралуу сөз кылып, «Курани Каримдин Аят Карималарынын Нурларынын алдында Аялзаты» аттуу өзүнчө бир эмгек жараткан.

## АЗ. ПАЙГАМБАРЫБЫЗДЫН ДООРУНДА АЯЛЗАТЫ

Пайгамбар жөнөтүлө электен мурун жахилия доорунда аялзатынын социалдык статусу абдан төмөн болгон. Аз. пайгамбар Алладан аян аркылуу алган маалыматтары менен биргеликте коомчулукта аялзатынын абалына багытталган кээ бир өзгөрүүлөрдү жасоо менен бирге социалдык жашоого катышын камсыздоо менен дини өкүмдөрдөн эркектер сыяктуу эле жоопкерчиликтүү экендигин баса белгилеген. Ал жахилия коомундагынын тескерисин б.а. аялзатынын эне жана жубай болгондугунун жогорку тепкичин б.а. инсан болгондугун баалаган жана дүйнө-акыретке байланыштуу ар-кандай суроолоруна жооп берип, алардын кылган иш-аракеттерин кубаттаган. Аз. пайгамбар аялдардын суранычын орундатуу максатында бир күндү атайын аларга ажыратып, бул күнү аялдардын түрдүү-түмөн суроолоруна жооп берип, алардын маселелерин чечкен.[2] Бул көрүнүштү Аз. пайгамбарыбыздын Язиттин кызы Эсма менен болгон диалогунан билсек болот.

Эсма- Язит бин Секе аттуу сахабанын кызы жана Муаз бин Жабалдын эжесинин кызы. Эсма Мадинадагы Ашхал уруусунан болуп, Аз. пайгамбарыбызга ант берген, өтө акылдуу, ойлогон оюн тартынбастан айта билген, кайраттуу жана намыстуу аял болгон. Ислам тарыхый булактарында Эсманы «Хатибатун-Ниса» (аялдардын диктору) деп сыпаттаганы жөнүндө кабарлар бар.

[1]Муса Жаруллахтын эмгектеринде исламда аялдын орду 2012-жыл
[2]Бухари, ал-Жамиус-Сахих, I, 34.

Эсма бир күнү бир топ аялдардын жамаатын ээрчитип алып, Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) жанына келип, бул сөздөрдү айткан: « Мен бул аялдар жамаатынын атынан чыгып сүйлөп жатам жана азыр айта тургандарымдын баарын бул жамаат кубаттайт. Алла- сени эркектерге пайгамбар болгондой эле, аялдарга да пайгамбар кылып жөнөткөн. Биз да сага ыйман келтирдик жана баш ийдик. Биз аялдар төрт дубалдын арасында, хиджап оронуп үйдө отурган, эркектердин жыныстык моокумун кандырып аларга бала төрөп берүүдөн башка эч бир иш кылбаган абалдабыз. Эркектер болсо чогулуштарга, жихадка катышуу, жаназа ырасымдарына баруу сыяктуу иш -чаралар менен бизден жогору болуп кетүүдө. Муну менен бирге алар жихадка кеткенде, биз алардын мал-мүлкүн жана балдарын коруп калабыз. Мындай учурларда ажыр-сооп тарабынан биз да алар менен бирдей болобузбу эй Алланын Элчиси?»-деп сураган.

Эсманын айткандарын кунт коюп уккан Аз. Пайгамбарыбыз, жүзүн ошол жерде турган сахабаларына буруп: «Дин жөнүндө абдан орундуу суроо сураган ушул айымдын сөздөрүн уктуңар деп ойлойм»- деп кайрылганда, сахабалар бир добуштан: «Ооба, албетте уктук, эй Алланын Элчиси!»- деп жооп беришет.

Бир аз убакыттан кийин Аз. пайгамбарыбыз Эсманы карап: «Эй Эсма! Эми барып аркаңдагы аялдардын жамаатына бул маалыматтарды жеткир: «Аялдардан кимиңер болсо дагы, күйөөсүнө баш ийүүсү, алардын ыраазычылыгын алып, көңүлүн көтөрүүсү жана моокумун кандыруусу, эркектердин кылган соопчулук иш-аракетинен эч кандай кемибеген түрдө силерге да сооп берилет». Мындай жоопту күтпөгөн Эсма, Пайгамбарыбыздын жанынан такбир жана тахлил айтып кайткан.[3]

Бизге маалым болгондой Аз. пайгамбар аялдардын таалим – тарбиясы менен жеке өзү алектенген. Муну менен бирге аялдардын үй иштерин жасоосун эркектердин жихатка катышуусу менен бирдей сооп экендигин айтып, аял-эркек мамилелерин тартипке салган. Жыйынтыктап айтканда Аз. пайгамбар аялдардын да эркектер сыяктуу коомчулукта маанилүү ролдо экендигин айтып, кийинки муундарга аялдарга кандай мамиле жасоо керектигин өрнөк кылып кеткен.

**Аз. Пайгамбардын өлүмүнөн бүгүнкү күнгө чейинки жасалган иш- аракеттерге кыскача мүнөздөмө**

Курандын аяттарындагы насааттар адамдар менен адамдар арасындагы мамилелерге таасир тийгизген сыяктуу, мамлекеттер

[3]Селим Өзарслан, Аз. Пайгамбардын Аялдарына Мамилеси жана Көп Аял Алуусунун Себептери, Теология Факультетинин Илимий Журналы 14-15- саны, Ош; Ошоблбасмакана, 2011, 118-119- беттер

арасындагы мамилелерге да таасирин тийгизген. Алгачкы кылымдагы ислам аалымдары ар түрдүү коомдук жана маданий себептерден улам, ар дайым Курандын принциптерин, акылдарын колдонуп, ар түрдүү ыкмалар менен изилдегендиктери үчүн, ар түрдүү укуктук жамааттар ортого чыккан. Мезгилдин шартына жараша кылынган ижтихаддардын натыйжасында, Ислам укугу пайда болду. Шарияттын бардык маселелерди өз ичине камтып көлөмдүү болуусу, ар түрдүү маданияттарды достоштуруп ийгиликке жетүүсү кантип иш жүзүнө ашты? Албетте, бул ийгиликтер, аалымдар укуктук негиздерди ортого коюуда, Курандын принциптерине баш ийүү менен биргеликте, мезгилдин шарттарын, коомдун каада-салтын, маданиятын эске алууларынын натыйжасында болду. Тилекке каршы бул иш-аракеттер Ислам өлкөлөрү күчтүү жана бай болгон мезгилге чейин уланды.

Жогоруда айтылган доордогу укукчулардын эмгеги болгон шарият, Куран жана сүннөт сыяктуу ыйыкташтырылган. Ислам ишениминин негизинде Куран Алланын сөзү. Сүннөт пайгамбардын Курандын аяттары жөнүндөгү сөздөрү жана өрнөк иш аракеттери болуп эсептелет. Кантип эле Куран жана сүннөт кийинки доордогу укукчулардын өз доорунун шарт жана муктаждыктарына жараша түзгөн укук системасына тең болуп калсын? Куран жана сүннөттүн өзгөрбөгөн, ал эми укукчулардын системалаштырган укук маселелери шартка жараша өзгөрө турган өзгөчөлүккө ээ. Шарияттын ыйыкташтырылуусу Ислам өлкөлөрүнө жана коомго терс таасирин тийгизгендей динге да терс таасирин тийгизген. Муса Жаруллахтын айтуусунда: Ислам дини «рахмати илахиййе» диндир. Анын негизин «жеңилдештиргиле, оордоштурбагыла» түзөт. Бирок сабатсыз молдолордун натыйжасында, дин молдолорго таандык деген түшүнүк пайда болду. Ушул себептерден улам илимий деңгээлде жаңы жетишип келе жаткан жаштар динден алыстап калды.[4] Адамзат акыркы кылымдарда шарияттын гүлдөгөн доорунан өтүп, мезгилге жараша укук системасын түзгөндүктөн, шарият мезгилдин талабына ылайык адам укуктары, сөз жана пикир эркиндиги жаатындагы муктаждыктарга жооп бере албай турган даражага келип калды. Аял маселеси да ушул жооп берилбей калган жааттардын бири болуп эсептелет. Укукчулардын айтуусунда укуктун максаты коомдук укукту сактоо болуп эсептелет. Коомдук укукту коргой албаган укук өзгөрүүгө мажбур. Дин жеңилдик, динде зордоо жок. Үрп-адатка байланыштуу өкүмдөр, үрп-адат өзгөргөндө күчүн жоготот.[5]

---

[4] Mustafa Rehmi Balaban, Musa Carullah, İslam Tetkikleri Enstitüsü Dergisi, İstanbul: İbrahim Horroz Basımevi, 1954, 177-бет

[5] Beyza Bilgin, İslam'da Kadının Rölü Türkiye'de Kadın, Ankara: Sinemis Yay. 2005, 39-бет

Мурунку доорлордо ижтихад кылынбай калган учурларда коомдук жашоодо солгундоолор байкалган. Ал учурда эмне кылышыбыз керек деп аалымдар баш катырышкан. Аз. пайгамбардын доорундагы жашоого карап, Куран жана сүннөттүн негизинде жашоого жандуулук киргизүү керекпи, же «фикхтын өкүмдөрү өзгөрбөйт, өзгөрүшү керек болгон жашоонун өзү» деп мусулмандар бактылуу болбосо да, өткөн доордун ижтихатына жүктөлгөн ыйыкташтырууну сактап калуубу? Эки пикирди жактагандар бар болсо да, тилекке каршы эки топ да мусулмандарга пайдасы тие турган даражада ийгиликке жете албай жатышат.

Осмон халифатынын мезгилге жараша жаңылануу кадамдарын таштап жаткан учурда, аял укуктарын жана аялдарды күнүмдүк коомдук жашоого акылуу экендигин жактаган кээ бир эркектер эмгектерди жазышкан. Алар Курандагы далилдерге таянып, колдонулуп жаткан амалдардын туура эместигин далилдөөгө аракет кылышкан.

Заманбап жашоодо корголуусу керек болгон аял укуктарын, Исламдын алгачкы доорунда эле корголгондугун жактаган Намык Кемал болгон. Бул маселе XIX кылымдан тартып актуалдуу маселеге айланды. Жаңылануу кыймылын баштаган мусулмандар Ислам динин өзгөртөбүз деп айтып жатышкан жок. Алар динди түшүнүүнү мезгилге жараша болуусу керектигине басым жасашып, тарыхка сыйынууну сынга алып жатышат. Муну менен биргеликте мусулмандардын артта калганын бир себеби катары, аялдарды коомдук жашоодон четтетүү деп эсептешип, Исламий конференцияларга кыздар үчүн билимдүү болуу, медициналык билим берүү, кесиптик окуулар, мечиттерге кирүү эркиндиги, көп аял менен үйлөнүү, бир тараптуу талак берүү, аялдын да талак берүү укугу, мурас укугу, коомдук жашоого аялдардын да катышуусу сыяктуу маселелелерди алып чыгышкан. Алардын көз-карашында мусулмандардын кайрадан жандануусу үчүн, аалымдардын аракети менен кыздардын билим алуусу зарыл.[6]

Египеттен чыккан аалымдар Курандын негизинде Исламдын алгачкы доорундагы аялга берген укуктарын кайрадан жандандырууга басым жасап жатышат.

[6]А.а.э. 46-47-беттер

**Муса Жаруллахтын назарында куранда аялдардын орду**

***А. Муса Жаруллахтын көз-карашында аялдардын жаратылуусу***

Аялзаты жөнүндөгү туура эмес пикирлердин негизгилеринен бирөөсү аялдардын эркектердин сол кабыргасынан жаратылгандыгы тууралуу пикир болуп эсептелет. Муса Жаруллахтын ою боюнча жаратылуу философиясы, Ислам дүйнөсүнө-оргиналдуулугун жоготуп, бузулган Тоорат китебинен кирип калгандыгын жана мусулмандар, жаратылуу маселеси жөнүндөгү аят жана хадистерди исраилияттан келген маалыматтардын таасиринде калып, туура эмес жоромолдошкон. «Аялзаты кемчиликтүү», «Эркектер үчүн жаратылган» же болбосо «бала төрөө үчүн гана жаратылган» деген сыяктуу туура эмес түшүнүктөр да исраилияттан келген. «Адам баласы туулганда, күнөөлүү болуп туулат» деген түшүнүк сыяктуу эле, жогорудагы кабарлар да Тооратка таянат. Тоораттын жаратылуу бөлүмүнүн 1-3 сүйлөмдөрүндө мындайча баяндалат. «Кудай эркектерди топурактан, ал эми аялдарды эркектен жаратты. Ошондуктан, жер эркектердин жардамында, аялдар кызматында болду. Жердин бүтүндөй машакаттары эркектерге жүктөлүп, үй-бүлөнүн машакаттары аялдарга жүктөлдү. Ошол себептүү аялзаты ата-энесин таштап, күйөөгө тийди жана үй-бүлөнүн муктаждыктарына эркектен мурун аял жүгүрдү. Аялдардын бүтүндөй өмүрү күйөөсү жана балдары үчүн арналды.[7]»

Муса Жаруллахтын пикиринде мусулман аалымдар Тоораттын жогорку сүйлөмдөрүнүн таасиринде калып, «Эй адамдар, силерди бир жандан жаратып, анан андан жуп кылып жана алардан көптөгөн эркек жана аялдарды жараткан Эгеңерден корккула!»[8]- деген маанидеги Курандын аятын жана Аз. пайгамбардын «Ким Аллага жана акырет күнүнө ыйман келтирген болсо, кошунасына зыян жеткизбесин! Ошондой эле, бири-бириңерге аялдарга жакшы мамиле кылууну сунуштагыла! Себеби алар кабырга сөөгүнөн жаратылышкан. Алар жаралган сөөк эң ийри жери болуп, сөөктү түздөйм десеңер сындырып аласыңар. Аны ошол боюнча таштасаңар, ийри боюнча калат. Ошондуктан бири-бириңерге аялдар тууралуу жакшы сунуштарды айткыла.» - деген хадисин туура эмес түшүнүшкөн. Ал аят: «Чындыгында, силерге өз ичиңерден (чыккан) ызаттуу элчи келди.»[9] «Алла алардын өздөрүнүн ичинен элчи жиберип, момундарга ырайым кылды.»[10]«Ага байыр алууңар үчүн өзүңөрдөн жубай жаратып,

---

[7]Муса Жаруллах, «Хатун», которгон Мехмет Гөрмез, Китабият Бас. Анкара 2001, 33-бет
[8]Ниса 4/1
[9]Тообо 9/128
[10]Аали-Имран 3/164

ортоңорго махабат жана мээримдүүлүк берип койгону да- анын белгилеринен». Ушул аяттардын мааниси кандай болсо, «Эй адамдар, силерди бир жандан жаратып, анан андан жуп кылып жана алардан көптөгөн эркек жана аялдарды жараткан Эгеңерден корккула»- деген аяттын да мааниси бир.

Башка бир тараптан Муса Жаруллахтын оюу боюнча Аз. пайгамбарыбыздын аялдарга зулумдук кылбоо, укуктарына урмат-сый көргөзүү, айып-кемчиликтери болсо жашыруу керек экендигин айтып, аялдар тууралуу айтылган хикматтуу хадис катары эсептелген «аялзаты кабырга сөөгүнөн жаратылган...» деген хадисти сырттан көрүнүшү, айтылышы жагынан эле түшүнүп коюу туура эмес.

Бул хадисте Пайгамбарыбыз аялзатынын назик жана сылык экендигин кыйыр түрдө айтууну каалаган. «Инсан шашма болуп жаратылган.»[11], «Алла – силерди алсыз суудан жараткан» сыяктуу аяттар кандай түшүнүлсө, «аялзаты кабырга сөөгүнөн жаратылган...» деген хадис да ошондой түшүнүлүүсү керек. Адам баласы шашылыш түрдө же шашмалык мүнөздө жаратылган деген сөздүн маанисиндей эле аялдар кабыргадан жаратылды деген сөз да ушундай эле мааниге келет. Өзгөчө болуп турган кабырга сөөгүн түздөйм десең сынып калган сыяктуу эле, аялзатына корс мамиле кылуу да алардын көңүлүн сындырат деген мааниде.[12]

***Б. Муса Жаруллахтын Хижапка Болгон Көз-Карашы***

Муса Жаруллах хижап маселесин бир канча эмгегинде эскерүү менен бирге бул маселенин мүшкүл экендигин айткан. Хижаптын, оронуунун эч кандай мааниси калбаса да, теориялык багыты Чыгыш элдеринин арасында талаш-тартыш жаратып жатканын айткан.[13]

Хижрий 1304- жылы Ооганистан мамлекети кыздарга мектеп ачуу үчүн аалымдардан фатва (өкүм) алалбай Маариф Назарети, Туркия, Хижаз, Египет жана Индия аалымдарына кайрылып, алардан төмөнкү үч негиздеги фатваны алышкан: «1- Аялдарга Илмихал гана фарз, 2-атайын кыздар үчүн мектеп ачуу бидаят болуп эсептелет, 3- Хиджап сөзсүз түрдө болуусу керек.»[14]

Ошол учурдагы абалды билдирүү менен бирге ар-намысты коргоо Исламдын негизги принциптеринин бирөөсү деп хиджаптын Куран аяттары менен далилденген ачык бир өкүм экендигин айтып, аялдын жүзү жана колу мунун сыртында деп, бул өкүмгө Нур сүрөсүнүн 31-аятын далил катары берген: «Момун аялдарга айт: «(Ар

[11]Анбия 21/37
[12]Гөрмез, Муса Жаруллах Бигийев, 139-141-беттер
[13]А.а.э. 45-бет
[14]Гөрмез, Муса Жаруллах Бигийев, 45-бет

кайсы эркекти кароодон) көздөрүн сакташсын жана уяттуу жерлерин (аягы суюктук кылуудан) сакташсын. Сулуулуктарын көрсөтпөсүн, көрүнүп тургандан башкасын. Жоолуктарын көкүрөктөрүнө чейин жаба салынышсын.»[15]

Аяттагы «хумур» аялдардын башын жана мойнун жапкан жапкыч. Жүзүн тоскон жапкыч эмес.

Муса Жаруллах «харем», «махрам» жана «урмат» сөздөрүнүн арасындагы байланыштарды эске алып, хиджап маселесин же аялдардын оронуусун толук түрдө аялдарга жана алардын укугуна болгон урмат-сый деп баалаган. Көктөн келген диндердин баары кабыл кылган хиджап маселеси, фитнадан коркулуп фарз болгон эмес. оронуу эч бир убакта аврат пардасы катары буйурулбаган, бирок ар-намыстуулуктун белгиси, күнөөсүздүк кийими же болбосо сый-урмат кийими катары парз кылынган. Кул эмес эркин аялдарга жана акар-чакар үй-бүлөлөргө тиешелүү сулуулук катары буйрук кылынган. Туткунга түшкөн жана кул аялдардын оронуусуна тыюу салынышы жогорку себептен болуп саналат. Эгерде оронуунун парз болушу фитна болгондо, анда биринчи болуп кул аялдардын оронуусу парз болмок эле.

Муса Жаруллах сырттан ичкери көздөй болгон тууроо же жасалма оронууга каршы чыккан. Анын ою боюнча оронуу ичтен сыртты көздөй болуусу керек. Аялзатынын эң баалуу болгон уяты жана ар-намысы бир парда менен эле тосулуп калбайт. Ыйман жана илим сыяктуу ыйык парданы көзгө илбестен, анын ордуна аялзатынын ар-намысын чүпүрөк менен коруу пайдасыз. Мейкиндикте, күн нурунда, илимдин жана ыймандын нурунда фитна болбойт. Эгер фитна болсо эркектердин көзүндө, көңүлүндө жана тилинде болот. Эгерде чара көрүү керек болсо эркектердин көздөрүнө парда, көңүлдөрүнө адеп, тилдерин болсо жазалоо керек болот.[16]

Хиджапты эч ким фитна коркуусуна байлай албайт. Хиджап аялзатынын жүзүнө жана денесине эмес, сый-урматына жана укугуна тиешелүү болуп эсептелет. Үйдө аялдардын бөлмөсүнө харем деп айтылышы да толугу менен сый урматына тиешелүү. Каабатуллага кандай максатта харем делинсе аялдардын бөлмөсүнө да ошол максатта айтылат.

Муса Жаруллахтын көз карашында бүгүнкү маданият дүйнөсүндөгү ачылып-чачылуу, адепсиздик жана бузукулуктар аялзатынын ар-намысына, кадыр-баркына эч жарашпайт. Кыскача айтканда, Муса Жаруллахтын пикири боюнча уяттуулук оронуудан

[15]Нур 24/31

[16]Гөрмез, Муса Жаруллах Бигийев, 55-бет

гана турбайт, уяттуулуктун эң чоң коруучусу ыйман, илим жана жакшы тарбия болуп эсептелет. Тарбия көрбөгөн, ар-намыстын маанилүүлүгүн билбеген аялдардын жоолугу эч кандай коруугa ээ эмес. Тарбиясыздыктын натыйжасындагы зыяндар, бузукулуктар, жоолук салынбай жүргөндүн зыяндарына салыштырмалуу эки эсе чоң.[17]

Жогоруда айтылгандай, Жаруллах туурамчылыкты четке кагып, оронгон аялдардын эмне себептен оронгонун өздөрү билүүсү, андан да мурун тарбиялуу болууга үндөйт жана ыйман менен илимдин биринчи даражада хижап экендигин айтып жатат. Аялзаты- фитнага себепчи деген түшүнүктү кабыл кылбоо менен биргеликте, эгерде фитна болсо ал эркектердин көзүндө жана көңүлүндө деп баса белгилеп айткан.

### *Г. Муса Жаруллахтын көз-карашында аялзатынын укуктары*

Муса Жаруллах аялзатынын социалдык жашоодон четтетилгенин жана билим алуудан кур жалак калганын катуу сындаган жана Исламдын алгачкы доорундагыдай аялзатынын сый-урматка ээ болуусу, анын билим алуусуна жана укугунун корголуусуна башланыштуу деген.[18] Жалпысынан алганда, бүткүл Ислам ааламынын өзгөчө Орусия мусулмандарынын жыргалчылыкта жана бактылуулукта жашоосун, кыз-келиндердин тарбияланууусуна байланыштуу деген. Анын назарында бардык элдердин кыз-келини ошол элдин намысы болот. Аялдары б.а. энелери кордолгон эл эч качан өнүкпөйт деп айткан. [19]

Аялдар маселеси боюнча өзүнөн мурунку аалымдарды сындоо менен бирге аялдардын укугу тууралуу кээ бир темаларда төмөндөгүдөй пикирлерин айткан.

### **Г.а. Мурас бөлүштүрүүдөгү айрымачылыктар:**

Муса Жаруллах аялдар менен эркектерди укуктук жактан тең экендигин айтып, бирок мурас бөлүштүрүүдөгү айрымачылыкты ал теңдике кошкон эмес. Анын оюу боюнча мурас бөлүштүрүүдөгү айрымачылык теңсиздик эмес бөлүштүрүүдөгү гана айрымачылык болуп эсептелет. Мурастан ала турган тиеше муктаждыктарга карап бөлүнөт. Милдеттер башка-башка болгондуктан, муктаждыктар да башка-башка болот. Муктаждыктарда айрыма болсо да, мурасты теңге бөлүү адилеттүлүк эмес зулумдук болот. Муктаждыктардын айрымачылыгын укуктук жактан теңсиздик деп кароо туура эмес.

[17]А.а.э. 152-бет

[18]AhmetKanlıdere, "Муса Жаруллах" бөлүмү, Türkiye Diyanet Vakfı İslam Ansiklopedisi, Cilt: IX, İstanbul: TDV Yayınları, 1994, 215-бет.

[19] Osman Keskioğlu, Муса Жаруллах, İlahiyat Fakultesi Dergisi, Ankara 1964, с.7, 68-бет

Бүгүнкү күндө адамдардын арасындагы байлык бөлүштүрүүнү жана мүлктүк теңсиздикти укуктук жактан айрымачылык жана теңсиздик деп карай албаганыбыз сыяктуу эле, аялдардын да мурастан аз тиеше алгандыгын теңсиздик деп карай албайбыз.[20]

Муса Жаруллах аялдардын укуктарына жана милдеттерине байланыштуу маселелерди «Исламдын Алифбасы» аттуу эмгегинде бир канча макаласы түрүндө берген. Жогоруда айтылгандай «Алла Таала аял менен эркектин табиятын жана милдеттерин түрдүү жана айрымалуу жаратса да маданий, социалдык, саясий, диний жана культуралык укуктарынын баарын Ислам шарияты эң сонун түрдө аялзатына тартуулаган»- деп айткан.

**Г.б. Аялдардын Күбөлүгү:**

Аялдардын күбөлүккө өтүүсү жөнүндө «Кутубу Тисанын» алтоосунда төмөндөгүдөй хадис бар: «Эй аялдар жамааты! Садака бергиле! Алладан көбүрөөк кечирим сурагыла! Себеби тозокто көбүрөөк аялдарды көрдүм. Бул сөздү уккан аялдардын ичинен акылдуу бирөөсү: «Эй Алланын Элчиси! Эмне себептен тозокто аялдар көбүрөөк?»- деп суроо узатты. Алланын Элчиси (с.а.в.) «Себеби силер көбүрөөк лаанат айтып, күйөөңөрдүн алып келген ырыскысына сокурдук кылып, канаат кылбайсыңар. Акылы жана дини кемчиликтүү адамдардын акылдууларга карата силердей үстөмдүк кылгандарды көрбөдүм»- деди. Жанагы аял дагы: «Эй, Алланын Элчиси! Акылы жана дини кемчиликтүү деп эмнени назарда тутуп жатасыз?»-деп сурады. Алланын Элчиси: «акылы кемчиликтүү дегеним эки аялдын күбөлүгү бир эркектин күбөлүгүнө барабар. Ал эми дини кемчиликтүү дегеним, аялдар бир канча күн намаз окушпайт жана орозодо бир канча күн орозо кармашпайт »[21]

Фахруддин ар-Рази бул хадисте назарда тутулган аятты[22] мындайча тафсир кылган: Аялдардын табиятында бурудат жана рутубат[23] көп болгондуктан, унуткандыктын жалпы аялдарга тиешелүү мүнөз болгондугун, бирок эки аялдын бирдей унутуп калуусу ыхтымалдан узак деп белгилеген. Рази аяттагы (тадилла) жана (фатузаккира) сөздөрүнүн башкача да окулуштары бар экендигин айтып, муну менен бирге мындай деген: «Эки аялдын бир эркектин ордуна күбөлүккө өтүүсү өкүмдөгү адилеттүүлүктүн орундалуусуна шарт түзөт. Мындай шартта аялдардын бирөөсүнүн унутуусунун

---

[20]Гөрмез, Муса Жаруллах Бигийев, 139-141-беттер

[21]Муслим, Иман 34

[22]Бакара 2/282

[23]Рутубат-көз жашы. Ferit Develli oğlu, Osmanlıca- Türkçe Ansiklopedik Lugat, Yayına haz. Aydın Sami Güneyçal, Aydın yay. 12.baskı, Ankara 1995, 899-бет

натыйжасында ортого чыгат. Күбөлүккө өткөрүү менен эркектин аялдан жогору болгондугу назарда тутулуп, мындай абал эки аялдын бирөөсү унутканда, экинчиси анын эсине салган учурда мүмкүн болууда жана натыйжада эч күмөнсүз жогорку эки жагдай ортого чыгуусу күтүлгөн.»[24]

Элмалылы М. Хамди Языр болсо, аялдар эркектерге салыштырмалуу эске тутуусу бир аз кемирээк, унутуу ыктымалы көбүрөөк жана бул жерде көңүл көпчүлүк аялдарга бурулуп жаткандыгын айтуу менен бирге буларды да айткан: «Аялзатынын табияты сезимталдуу болуп, ашыкча сезимталдуулука берилген адамдарда толкундануу жана таасирденүү маселеси ортого чыгат б.а. сезимталдуулук таасирденүүнү шарттайт. Ашыкча таасирденүү унутуунун себептеринен бирөөсү болуп, бир нерсени жакшылап эсте тутуу бир гана зээндин жана эске тутуунун маселеси эмес. Көптөгөн зээндүү кишилер ашыкча сезимталдуулуктун себебинен таасирденүүгө кабылат, мындай адамдардын эске тутуусуна ишенүүгө болбойт». Языр: «сырткы чөйрөдөгү окуялар аялдарды дароо өзүнө тартат жана алар ошол нерсе менен алектене кетет»- деп ойлорун мындайча улантат: «Аялзатында уялуу сезими күчтүү. Анын баалуу болгон бул өзгөчөлүгү бир аз да болсо жамандыктан зыян тартат. Аялзатынын ушундай табияттуулугу себебинен ага күбөлүк милдетти жүктөө, аны бир тараптан зыянга учуратуу жана чочутуу болот. Дагы айта кетчү нерсе, аялдын табияты жана калыптануусу эркектердин антоними болгондуктан, эркектерге окшоо аялдар үчүн бир коркунуч эсептелет. Ошондуктан, Жаратуучу эркектердин жеткилеңдиги менен аялдардын жеткилеңдигин башка-башка өзгөчөлүктөргө байлап жана айрымалуу кылгандыктан, аялдардын сыртта болуп жаткан жараяндарга көңүл бурбоосу, аларды эске сактабашы аялдыгынын жана аялдык жеткилеңдигинин шарты болуп саналат. Мына ошондуктан күбөлүккө себеп болуучу бир окуяны аялдар эркекке караганда, тез унутушу мүмкүн. Себеби, андай окуялар анын көңүлүн анчейин бурбайт. Бирок унутуп калган окуясын кайра жаңылбастан, эстеп айта алса күбөлүккө өтүүсү мүмкүн.»[25]

Күбөлүк кылуу маселесинин жаңылыш түшүнүлгөнүн айткан Муса Жаруллах, биринчиден мындай пикир адилеттүүлүккө каршы экендигин айткан. Ал, аялдардын күбөлүгүн кемчиликтүү көргөндөргө каршы чыгып, маселени аялдардын алсыздыгына билиминин жана акылынын кем экендигине байланыштырганды бир сөз менен айтканда

[24]Фахруддин ар-Рази, Mefatihu'l-Gayb; Tefsir-I Kebir, trc. Lütfullah Cebeci, Sadık Kılıç, Sadık Doğru vd. Ankara: Akçağ Yay. 1989, 6-том, 55-бет

[25] Muhammed Hamdi Yazır, Hak Dini Kur'an Dili, sad. İsmail Karaçam vd. İstanbul: Azim yay. 1994, II том,261- 262-беттер

далилсиз сөздөр деп кабыл кылган. Эгерде, аялдардын акылы кемирээк жана билиминин жоктугуна байланыштуу болгондо, биринчи болуп аялдар риваят кылган хадистер кабыл кылынбайт эле. Мына ошентип күбөлүк кылуу бир эки адамдын абалына тийешелүү болсо, риваят бүтүндөй үммөттүн динине тиешелүү болууда. Күнүбүзгө чейин аялдар риваят кылган хадиске каршы чыккан бир да Ислам аалымы жок.

Акыркы учурларда бул маселе көптөгөн спекуляцияга жол ачып жаткандыктан, бул маселени кыскача эле берүүнү чечтик.

Аялдар да эркектер сыяктуу эле, күбөлүккө жарамдуу. Эске сала кетсек, аялдар күбөлүк кылуу сунушунан б.а. сотко чакырылуу сыяктуу же тергөөчүлөрдүн алдында сүйлөтүү сыяктуу кыйынчылыктардан узакташтырылган. Күбөлүк кылууга толук түрдө укуктуу бирок мажбурланган эмес.

Мечит-медреселерде, илимий жыйналыштарда өз оюн айтуу же бирөөлөргө пайдалуу болуу максатында риваят бир милдет болуп саналат. Бирок соттук мекемеде соттордун алдында бир-бирине душман болгон эки тараптын урушуна катыштырбоо үчүн, Куран аялдарды күбөлүк кылуудан бошоткон болуусу мүмкүн. Бул укугун колунан алып койгондук эмес, сый-урмат болуп эсептелет. Бул кемчилик эмес артыкчылык болот.

Муса Жаруллахтын оюу боюнча жаза маселесинде Куран аялдарды тиешелүү кылбоосу, алардын ар-намысына жакшы бир артыкчылыктыр. Акылынын кемчилигине эмес, жүрөгүнүн мээримдүүлүгүнө далалат жасоодо. «Жазалап жатканыңарда боорукердик сезимине кабылбагыла!» деген буйрук эркектерге гана сунушталган. Аялдардын жүрөгү андай катуу жазалоонун жанында элжиреп кетүүсү толук ыктымал болгондуктан, аялдар мындай буйруктардан узакташтырылган. Курандын мындай адептүүлүгүнүн жанында аялдардын аялзатынын кемчилигин издөөсү мүмкүнбү?

Демек, Муса Жаруллахтын көз карашында күбөлүк кылуу башка, истишхад башка нерсе. Бакара сүрөсүнүн 222- аятында назарда тутулган күбөлүк кылуу үчүн сот мекемесине чакырылуу. Бул жерден эки аялдын күбөлүгү бир эркектин күбөлүгүнө барабар деген маани чыкпайт. Эгер барабар деген маани чыкканда негизги күбө бар болгон учурда эки аялдын күбөлүгү кабыл кылынбайт.[26]

Муса Жаруллах Куранды Куран менен тафсир кылып, күбөлүк маселесинде эркектер менен аялдардын эч кандай айрымасы жок экендигин айтып , бирок күбөлүк кылуу ар-кандай маселелерде боло тургандыгы үчүн аялдардын назик табиятына зыян келүүсү мүмкүн,

[26]Гөрмез, Муса Жаруллах Бигийев, 149-150-беттер

ошол себептен аялдардын күбөлүккө өтпөөсүн айткан. Бакара сүрөсүндөгү: «(Аялдын) бирөөсү адашса, экинчиси аны түзөйт (эскертет).»[27] сыяктуу кызыктуу кабар илдет билдирген шарт сүйлөмү болсо да, күбөлүк кылып жаткан учурда бир аялдын экинчисине алмаштырылышына далалат жасайт»[28]- дейт ал.

**Г.г. Нике Келишими:**

Муса Жаруллахтын салттуу түшүнүккө багыттаган сын-пикирлеринен бирөөсү нике маселеси болуп, укук китептеринде никени «эркекти аялга ээ кылуучу келишим» деп аныктама берилүүсү, анын оюу боюнча Куран менен эч кандай байланышы жок. Бул аныктама нике келишиминин баркын төмөндөтүп, эркектер менен аялдардын бири-бирине болгон сый-урматын да начарлатат. Ал эми Ниса сүрөсүнүн 21-аятында нике «мисакы ғализ» (оор келишим) деп атаган. Нике жөнөкөй келишим эмес, ошол эле учурда ыйык келишим. Нике келишими эки тараптын укугу жана милдеттерине негизделип, ошол эле учурда бул келишим аялдардын бардык укугун өз кепилдигине алган. Аятта мисак эркектерге, мисакты алуу болсо аялдарга тиешелүү кылынган. Ошондуктан, үй-бүлө укугунун негиздери аялдарга берилген. Муну менен бирге нике келишими жашоонун баардык жааттарында түбөлүктүү жолдоштук келишими жана түбөлүктүү достук келишими болуп эсептелет. Муса Жаруллахтын оюу боюнча эл арасындагы нике келишими тууралуу айтылган алдым-бердим деген сөздөр Ислам укугу менен эч кандай тиешеси жок. Ислам укугундагы нике келишими алдым бердим эмес, бири-бири менен келишүү түрүндө болот. Махр же калың берип, кыз сатып алуу сыяктуу сөздөр үрп –адаттын таасири астында китептерге кирип калган туура эмес сөздөр болуп саналат.

**Г.д. Көп Аялдуулук:**

Көп аялдуулук тарых боюнча дээрлик баардык эле диндерде көрүлгөн маселе экендигин айткан Муса Жаруллах, көп аялдуулуктун ар доордо жана аймактарда кеңири жайылгандыгын белгилеп өткөн.

Исламда болсо бир аял алуу негизги принцип болуп, көп аял алууга зарылдык пайда болгон убактарда гана уруксат берилгендигин айткан. Курандагы көп аялдуулукка уруксат берген аятты мындайча тафсир кылган: «А эгер силер жетимдерге адилетсиздик кылуудан корксоңор, анда өзүңөргө жаккан башка аялдардан экөөнө, үчөөнө жана төртөөнө үйлөнө бергиле. А эгер адилетсиздик болот деп

---

[27]Баккара 2/282

[28]Гөрмез, Муса Жаруллах Бигийев, 117-беттер

корксоңор, анда бирөөнө гана, же болбосо кол астыңардагылар менен чектелген. Бул зулум кылбооңорго жакынырак.»[29] Бул аятта айтылган «жетимдер» эч кимиси жок жесир аялдар. Эгерде бир аял жесир калып, начар абалга түшүп, укугу, сый-урматы жана муктаждыктары канааттандырылбай, эч ким тарабынан кепилдикке алынбаса, анда буларды аткаруу парз кифая болот. Жогорку кайрылуу бүткүл үммөткө карай айтылган. Үммөт ичинен бирөө аткарса парз аткарылган болуп эсептелет. Аятта кыйыр жана көптүк түрдө жогорку муктаждыктарды кепилдикке алуу максатында акыркы чара катары көп аялдуулукка кайрылып өткөн. Аяттагы чыныгы маани мындайча: «Жесир калган аялдардан экөөнү, үчөөнү же төртөөнү аялдыкка алып болсо да, начар абалда калган жесир аялдардын укугун жана муктаждыктарын канааттандыргыла.»- деп айткан. Бул Курандын - аялзатынын өзгөчө маанилүү экендигин билдиргендиги болуп эсептелет. Жесир аялдарды жетимдер деген сөз менен берүүсү, кыйыр түрдөгү баа жеткис таалим-тарбия болуп эсептелет.»[30]

Муса Жаруллах аятты жогоркудай жоромолдоп, көп аял алууга зарылдык убактарда гана уруксат берилерин, негизги принцип бир аялга гана үйлөнүү экендигин, мунун да адилеттүүлүкө ылайык болоорун айтып, «Куранда көп аялдуулуктун дурус экендигин билдирген өкүм жок. Бир гана, эч кимиси жок жесир аялдардын өзгөчө абалдарына чара катары уруксат берилген. Бул чара көрүү да сөзсүз эмес тагдырга байланыштуу. Б.а. айласы жок жесир аялдардын муктаждыктарын кепилдикке алуу үчүн каралган акыркы чара болуп эсептелет» - деген.

**Г.е. Талак:**

Курандын баяндамаларына карай турган болсок, никенин максаты жана пайдасынын мааниси калбай калган учурда, бул натыйжа жубайлардын экөөнө тең ажырашуусуна негиз боло алат. Талак маселесин бир гана мыйзамдардын сөздүк жоромолу же укук китептеринин жоромолдору менен эмес, үй-бүлөнүн абалына жана жашоонун шарттарына карап бир чарасын табуу дагы да ылайыктуу маселе чечүү болсо керек»- деп айтуу менен биргеликте талак маселесинде мазхаптардын уламасына каршы чыккан. «Көптөгөн мукрехтин[31] талагы түшпөйт, зордук-зомбулук менен талак өтпөйт.

[29]Ниса 4/3
[30]Гөрмез, Муса Жаруллах Бигийев, 82-бет
[31]Mükreh- зордук-зомбулуктун натыйжасында бир ишти жасоого мажбурланган, коркутулган адамг. Bkz. FikretKaraman, İsmail Karagöz vd., Dini Kavramlar Sözlüğü, DİB yay. Ankara 2006, 305/ 493-беттер

Ажырашуу максатында эмес айтылган жана катачылык менен кокустуктан айтылган сөздөр менен талак орундалбайт» - деп айткан.[32]

Нике,коомдук жашоонун пайдасын көздөгөн, эң чоң немат болуп саналат. Ажырашуу да зарылдык туулганда халас (азап берген үй-бүлөдөн кутулуу) жана салах (башка бирөө менен турмуш куруу жана жакшы үй-бүлө куруу) максаттарга ылайык нике сыяктуу коомдук немат болуп саналат.

Үй-бүлөнүн маани-маңызын жоготкон, үй-бүлөнүн мыйзамдарына зыян келтирүүчү никенин зарылчылыгы жок. «Зарылдык туулбай туруп, Пайгамбарыбыздын сүннөтүнө каршы чыгуу, Курандын чегинен чыккан ажырашуу өтүмдүү эмес.» - деп талак маселесин жогорудагыдай жыйынтыктаган.[33]

Ибн Хажер мындай деген: «Талак – харам, макрух, важип, мандуп жана дурус болуусу мүмкүн. Биринчиси б.а. харам эсептелген талак бул бидаят талак болуп мунун өзүнүн эрежелери бар, экичиси б.а. макрух эсептелген талак себепсиз эле талак болгон талак. Важип эсептелген талактын да эрежелери болуп, соттор уруксат берсе ажырашуу, эрежелеринен бирөөсү болуп саналат. Мандуп талак эгер жубайы намыссыз болсо бериле турган талак. Бешинчиси б.а. дурус талак болуп, Имам Навави муну кабыл кылган эмес. Башкалар болсо эрежелери бар десе, кээ бирөөлөрү мындай талактын макрух эместигин айтышкан.»[34]

**КОРУТУНДУ**

Аялдар жөнүндөгү талаш-тартыштар күнүбүздүн гана эмес тарых боюнча талаш-тартышка түшкөн маселе. Ислам дини келбестен мурун ошол учурдагы күчтүү жана чоң мамлекет катары эсептелген Сасаниттер мамлекети жана Рим империясынын коомдук түзүлүшүндө же культурасында же болбосо алардын тутунган диндеринде аялдар ар-дайым экинчи класстагы адам эсептелип келген же адам болуп-болбогондугу талаш маселе болуу менен бирге ар дайым кордолуп келген.

Куран түшүрүлө баштаганда, ошол учурдагы жахилия араптары менен каршылашкан. Ал убактагы жахилия араптарында аялзатынын эч кандай кадыр-баркы жок эле. Кыз балдар төрөлгөндөн баштап эле азапталып башталат. Кыз баланын төрөлгөнүнөн уялган аталары, аларды тирүүлөй эле жерге көмүп коюшкан. Ушундай оор абалда Куран аяттары түшүрүлүп, аялдар менен эркектердин бирдей

---

[32] Osman Keskioğlu, Муса Жаруллах, İlahiyat Fakultesi Dergisi, Ankara 1964, 7-том, 66-бет
[33] Гөрмез, Муса Жаруллах Бигийев, «108-бет
[34] Tirmizi, Hadis no: 947. Abdülhalim Ebu Şakka, Tahrirü'lMer'e İslam Kadın Ansiklopedisi, Denge Yayınları: 4/188.

муктаждыктарга ээ экендигин билдирди. Курани Каримда, аялдар менен эркектердин жаратылуусунда болсун, укугу жана жоопкерчиликтери тарабынан болсун экөөнүн бирдей эле статуста экендиги чагылдырылган. Аллага кулчулукта да экөөнүн ортосунда эч кандай айрыма жок. Диний укугу жана милдеттери да бирдей.[35] Аз. пайгамбарыбыздын бул маселеде айткан сөздөрү жана иш-аракеттери, Курандын негизинде айтылган жана аткарылган. Пайгамбарыбыз аялдар үчүн ар-дайым алардын маселелери менен алектенген, күйөөлөрү менен араздашса, аларды жараштырган, укуктарын коргогон, эркектерге ар-дайым жубайларына жакшы мамиле кылууларын насаат кылган жана өз жашоосунда болгон нерселерге өрнөк болгон дос жана жардамчы болгон.

Бирок, Ислам коомчулугунда жогоруда айтылгандар ар убакта өзгөрбөстөн, дал ошондой негиздерге таянып калыптанды десек жаңылыштык болот. Кээ бир учурларда ата негизги орунда турган үй-бүлөлөрдө аялдардын укуктары кысымга алынып, бул аракеттер аят жана хадистердин жоромолуна таяндырылган. Кээде болсо күмөндүү хадистер коомчулука жайылтылып, жогорку айткан жоромолдорго жол ачылган.

Аялдардын жахилия жана андан мурунку доордогу социалдык, экономикалык жана укуктук абалдары, Куран келгенден кийин бир канча убакыт өз жолуна түшсө да, көп узабай эски салттуу түшүнүктөр басымдуулук кылып, бүгүнкү күнгө чейин бул маселе өз ордуна түшпөй келүүдө. Айта кетчү нерсе, модернизациялашуу башталган учурда Ислам дүйнөсүндөгү илимпоздор тарабынан аялдардын социалдык, экономикалык жана укуктук абалдары абдан катуу талаш тартышка түшкөн.

Бул учурда Батыш илимпоздору сыяктуу эле Мусулман илимпоздор да Исламда аялдын орду жөнүндө эмгектерди жазышкан. Акыркы жүз жылдыкта аял маселеси Ислам дүйнөсүнө проблема катары – Египеттик жазуучу Касым Эминдин 1899- жылы жазган «Тахрирул- Марьа» аттуу китебинин себебинен ортого келип чыккан. Бул китеп бүткүл Ислам дүйнөсүндө түрдүү тилдерге которулгандан кийин, аял маселесинде көптөгөн макалалар жана китептер жазылган. Муса Жаруллах да бул маселеге кайдыгер карабастан бир канча макала жана китеп жазган. Муса Жаруллахтын пикиринде Курани Каримдин аялдар тууралуу буйрулган өкүмдөрүнүн алды ачык б.а. доорго жана шартка ылайык өнүктүрүүгө болот. Бирок мусулмандар тарых боюнча Курани Каримдин чек араларын жакшылап түшүнүшө албастан, Исламдан мурунку түшүнүктөр дин катары практикага ашырылып

[35]Аали-имран 3/195, Тообо 9/71

келген. Эски диндердин жана культуралардын мусулмандарга таасири, диндин жана диний тексттердин туура эмес түшүнүлүүсү жана жаңылыш түрдө жоромолдонуусу менен бирге мусулмандардын адеп-ахлактык жактан да төмөндөөсү жогорудагыдай пикирдин жашоосуна жана өнүгүүсүнө жол ачкан.

Ушундайча бул изилдөөбүздө, Муса Жаруллахтын аялдардын жаратылуусу, үй-бүлө түзүлүшү, нике, талак, көп аял алуу, күбөлүккө өтүү, мурастагы үлүшү же аял укуктары жана хиджаптын философиясы сыяктуу көптөгөн маселелердеги көз караштарын изилдедик. Мындай көз-караштарды айткан Муса Жаруллах, Куранга таянган жаңы ойлордун ортого чыгуусуна, натыйжада талаш-тартыш жаралаарын баса белгилеп айткан.

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР**

1. BALABAN REHMİ Mustafa, Musa Carullah, İslam Tetkikleri Enstitüsü Dergisi

2. BETUL Feyza Başar, Kadınlarla İlgili Bazı Hadislerin Sened ve Metin Tenkidi, Erzurum 1999

3. BİLGİN Beyza, İslam'da Kadının Rolü Türkiye'de Kadın, Sinemis Yayınları, Ankara 2005

4. BUHARİ, Muhammed b. İsmail, el-Camiu's-Sahih

5. CARULLAH Musa, Kur'an'ı Kerim Ayet-i Kerimelerinin Nurları Huzurunda Hatun, Mehmet Görmez, (çev)3. Baskı, Ankara 2001

6. CARULLAH Musa, İslam'ın Elifbası,Seyfettin Erşahin/İbrahim Maraş, (çev), 1.Baskı, Ankara: Seba Yayınları, 1997

7.DEVELLİOĞLU Ferit, Osmanlıca- Türkçe Ansiklopedik Lugat, Yayına haz. Aydın Sami Güneyçal, Aydın yay. 12.baskı, Ankara 1995

8. DİKMEN Mehmet, İslam'da Kadın Hakları, Cihan Yayınları, İstabbul 1996

9. ER-RAZİ Fahruddin, Mefatihu'l-Gayb; Tefsir-I Kebir, trc. LütfullahCebeci, SadıkKılıç, SadıkDoğruvd. Ankara: Akçağ Yay. 1989,

10. GÖRMEZ Mehmet, Musa CarullahBigiyev, TDV Yayınları, Ankara 1994

11. HARMAN Ömer Faruk, "Kadın" maddesi, İslam Ansiklopedisi, Cilt: 24, İstanbul: TDV Yay. 2001

12.HAS HACİB Yusuf, Kutadgu Bilig, Reşit Rahmet Arat çev. 1. Baskı , İstanbul; Kabalcı yay. 2005

13. KARAMAN Fikret, KARAGÖZ İsmail vd., Dini Kavramlar Sözlüğü, DİB Yay. Ankara 2006

14. KESKİOĞLU Osman, Musa Carullah, İlahiyat Fakultesi Dergisi, Ankara 1964, c.7

15. KUR'AN-I KERİM MEALİ, DİB, DİB Yay. Ankara 2005

16. KUTUB Seyyid, Kur’an’ın Gölgesinde Kadın, Cihan Yayınları, İstabbul 1995

17. ÖZARSLAN Selim, OşDÜnün İlahiyat Fakültesi İlmi Dergisi, Oşoblbasmakana, 14-15 baskı, s. 118-119, Oş 2001

18. SAHİH-İ MUSLİM, İMAN 34

19. SERİNSU Ahmet Nedim, Kur’an Nedir,Yay. 1996

20. TOPALOĞLU Bekir, İslam’da Kadın, Nesil Yayınları, İstanbul 1995

21. YAZIR Muhammed Hamdi, HakDiniKur’anDili, sad. İsmail Karaçamvd. İstanbul: Azim yay. 1994